88.3
К-13

Китеп дүйнөсүнө саякат

Ысмайыл Кадыров

# САНДАР САНАТЫ



83.8
К-13

Кадыров Ысмайыл

# САНДАР САНАТЫ



Сүрөтчү
Жыргал Касмамытова

Бишкек 2016

Бул сандыктын ичинде
Бирдик, ондук сандар бар.
Бүт бардыгын салууга,
Батпай калды калгандар.





Мен деген нөлмүн,
О тамгасына окшотуп көргүн.

Менин атым бир,
Санаттын башы экенин бил.



Бирге кошулган бирмин,
Эки эмей анан киммин.



Экиге бирди кошкун,
Сабакты орто билгендерге досмун.





Улактын канча буту бар,
Билбеген мени утулаар.



Менин атым беш,
Кээде «эң жакшы» дешет.



Мен алтымын, алтымын,
Бир нөлү бар жалкымын.



Жалгыз буттуу жетимин,
Беш кошулган экимин.



Мен сегизмин, сегизмин,
Эки нелдүү эгизмин.

Бир орундуу сандардын,
Чоңу болуп алганмын.

Мен он деген чоңдукмун
Кенжесимин ондуктун.



**Көз канча?**

Эки кулак,
Добушту угат.
Жалгыз ооз,
Сүйлеп турат.
Кез канча –
Эмне кылат?







## Канча мышык?

Карасаң мына кызык,
Төрт бурчта бирден мышык.
Чокчоюп отурушат,
Таранып, сыланышып.

Маңдайында ар биринин,
Олтурушат үчтен мышык.
Кана эми тез эсепте,
Бардыгы канча мышык?





## Канчасы ашык?

Алты киши,
Жети кашык.
Тамак ичсек,
Канчасы ашык?





## Кайсынысынын буту көп?

Каздын буту эки,
Козунуку төрт.
Карап туруп айтчы,
Кайсынысыныкы көп.





## Манжадагы санак

Баш бармак,
Бир дегин кармап.
Сөемөйдү сун,
Эки деп жум.
Ортон узуну,
Үч дө ушуну,
Анан аты жок,
Терт деп аны кош.
Чыпалак кичик,
Беш де тизип.
Билип ал анда –
Булар манжа.
Бириксе муштум –
Бардыгын уктуң.



## Кайсынысы аз?

Айпери сандыкты ачты,
Жети көйнек, жети шым тапты.
Ойлоно берип таппады,
Көйнек азбы, же шым азбы?

## Беш мүнөттүк кыймыл

Бир, эки, үч,
Манжабызда күч.
Төрт, беш, алты,
Өйдө турдук жалпы.
Жети, сегиз, тогуз,
Сунулду алга колубуз.
Он, он бир, он эки,
Таянабыз бөйрөктү.
Он үч, он төрт, он беш,
Моюнга кыймыл керек.
Он алты, он жети, он сегиз,
Олтурдук кайра тегиз.






## Канчадан сабиз?

Кичинекей үч бөжөк,
Он эки сабиз табышты.
Үчке бөлүп тепетең,
Калтырбай жеп алышты.
Тоюп алып сабизге,
Тойпондошуп жарышты.
Эсептеп көр бөлгөндө,
Канчадан сабиз алышты?

## Канча чымчык?

Электрдин зымына,
Эки чымчык конду.
Дагы келип бешөө,
Жети чымчык болду.
Учуп кетип экөөсү,
Бошоп калды орду.
Канча чымчык керек,
Түзүш үчүн онду?



## Канча болот?

Илимбектин китеби үчөө,
Айпериники алты.
Экөөнүкү бириксе,
Канча болот жалпы?



## Баары канча

Уланбек менен Аксана,
Сеина менен Айана.
Концерт коймой болушту,
Бакчадагы балдарга.

Созолонтуп Уланбек,
Эки жолу ырдады.
Бирден ырдап калганы,
Балдар угуп жыргады.

Канча бала, канча кыз,
Ырдаганы чыгышты?
Калган балдар алардын,
Канча ырын угушту?



## Табышмактуу 10 он

Нел кошуп жазсаң бир санга,
Аласың эки беш манжа. *(Он)*
Дөңгелек, топко салышат,
Жел толтуруп алышат. *(Балон)*
Беш манжаңдын узуну,
Кимдер билбейт ушуну. *(Ортон)*
Балдай ширин жана сары,
Бирок, тиштеп жейсиң аны. *(Коон)*
Кышында күпүйтүп киесиң,
Жайында гардеробго илесиң. *(Тон)*
Орусияны аралап аккан,
Тынч дарыя мелмилдеп жаткан. *(Дон)*
Кыргыз эли урматташат атын,
Көзү өтүп кеткен чыгаан акын. *(Жолон)*
Кар учурган катуу шамал,
Бурганак деп да аталат ал. *(Бороон)*
Бул бир жырткыч балык,
Тузсуз суудa гана жашаары анык. *(Чортон)*
Мелдеште биринчиликти алган,
Жеңүүчү болгон адам. *(Чемпион)*



## Баары канча

Уланбек менен Аксана,
Сеина менен Айана.
Концерт коймой болушту,
Бакчадагы балдарга.

Созолонтуп Уланбек,
Эки жолу ырдады.
Бирден ырдап калганы,
Балдар угуп жыргады.

Канча бала, канча кыз,
Ырдаганы чыгышты?
Калган балдар алардын,
Канча ырын угушту?



## Тамга, саны аралаш  макал-лакаптар

1 сүйлө, 2 ук.
2 ойлоп, 1 сүйлө.
К3 бирдиктө.
4өөң төп болсоң төбөдөгүнү аласың,
6ооң ала болсоң алдыдагыны алдырасың.

5 кол төң эмес.
6н алба, алкыш ал.
7 өлчөп, 1 кес.
Эчки тууйт эгизди, 2 жылда 8ди.
Ата көргөн ок ж10от, энө көргөн т10 бычат.
Жигитке 70 өнөр аздык кылат.

Кызга 40 үйдөн тыюу.
Кыздын 40 чачы улуу.
Билөги күчтүү 1ди жыгат,
Билими күчтүү 1000ди жыгат.



# МАЗМУНУ

Көз канча? ........................................................5

Канча мышык? ................................................6

Канчасы ашык? ..............................................7

Кайсынысынын буту көп? ...............................8

Манжадагы санак

Кайсынысы аз? ...............................................9

Бөш мүнөттүк кыймыл

Канчадан сабиз? ...........................................10

Канча чымчык?

Канча болот? .................................................11

Баары канча? .................................................12

Табышмактуу 10 ............................................13

Тамга, саны аралаш  макал-лакаптар ...............14



## Кадыров Ысмайыл

Кадыров Ысмайыл 1951-жылы Ат-Башы районундагы Жаңы-Күч айылында төрөлгөн. 1977-ж. Кыргыз мамлекеттик университетинин механика-математика факультетин бүткен. 1977–2000-жылдары Кыргыз Совет эн-циклопедиясынын Башкы редакциясында (азыр Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору) илимий редактор, улук илимий редактор, жетектөөчү редактор болуп иштеген. 2000-жылдан КР Өкметүнүн Аппаратында референт, эксперт, 2004-жылдан сектор башчысы болуп эмгектөнет. Балдар үчүн 1998-ж. «Түстөн чыккан түркүн сөз», 2002-ж. «Чымчым аңгемелер, чырылдаган ойлор» деген китептери жарык керген. Балдар үчүн жазылган «Өспүрүмдөр оюндары», «Физкультура жана спорт», «Бул ким. Ал эмне», «Математика» ж.б. энциклопедиялык китептердин авторлорунун бири. КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Кыргызстан Улуттук жазуучулар союзунун Тоголок Молдо атындагы балдар адабияты сыйлыгынын лауреаты, «Түгөлбай Ата» коомунун сыйлыгынын лауреаты, КР Билим берүү отличниги, КР Кесиптик-техникалык билим берүү отличниги. Кыргызстан Жазуучулар союзунун мүчөсү.



24992

**Кадыров Ысмайыл**
**Сандар санаты**

Сүрөтчү Ж. Касмамытова
Редактору А. Кабылова
Сүрөт редактору Б. Жайчибеков
Компьютердик калыптоочу А. Анохин
Корректору Г. Сагынбекова

Нускасы 2200
**ЖЧК «Кутаалам»**

# “Китеп дүйнөсүнө саякат”
## Балдар көркөм адабият сериясы

